ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

МЕДЕТОВ А.
nbknu@mail.ru

## Б. МАЙЛИНДИН «АЗАМАТ АЗАМАТОВИЧ» РОМАНЫНДА КААРМАНДАРДЫ СҮРӨТТӨӨ ЧЕБЕРЧИЛИГИ

Казак адабиятында XX кылымдын 30-жылдары жарык көргөн романдарынын ичинен өзгөчө орунда турган чыгармалардын бири Байымбет Майлиндин «Азамат Азаматович» романы. Б.Майлиндин романында совет бийлигинин алгачкы жылдарында казак коомунда жаңы өкмөт үчүн күрөшө турган жаштардын калыптануусу, жаңылуулары жана Совет бийлиги үчүн активдүү күрөшкө чыккан баатырларга айлануусу сүрөттөлөт.

Автор романдын баш каарманы Азамат Азаматовичти бир жактуу сүрөттөбөйт, терең психологиялык жактан ачып берүү максатында анын жан дүйнөсүндө жүрүп жаткан процесстерди ичкериден изилдөөгө алат.

Кожокалык кедей үй-бүлөдөн чыккан, атадан жалгыз, болгон байлыгы- боз үйүнөн башка эч нерсеси жок. Оор турмуштун айынан эрте карыган энеси уулун шаарга окууга жөнөтүп жатып, эне-атаңды унутпа деп жалбарат. Коштошуп жатып атасы эптеп чогулткан тыйынын берип, эгер болуп калса дагы жөнөтөөрүн айтып, уулуна жакшы оку деп кеңеш берди.

Мектеп интернатта Кожокалык жакшы окуду, аны азамат деп жакшы көрүштү. Аны менен чогуу байдын Рабига деген кызы окучу. Шаарга келгени ал Рабига болуп алган. Башкалар да атыңарды өзгөрткүлө деп үгүттөгөн. Чогуу окуган, мүнөзү ачык,түз жүргөн Шайыркул аттуу жигит аты-жөнүмдү алмаштырбайм деп каршы болду. Ал эми мүнөзү жумшак, бирөөнүн таасирине тез кирген Кожокалык Рабиганын асылганына жок дей албай ал берген Азамат Азаматович деген атты алды. Окуусун бүтүп Карасайга келип Губерниялык жер бөлүмүнө ишке кирди. Бөлүм башчы Алексеев менен тил табышып, жакшы иштешип кетти. Азамат өз ишин жакшы билет, берилген тапшырмаларды өз убагында аткарат. Мейманканада түнөп калат. Бир күнү мейманканада «бир бөлмөнү ижарага берет, түңкү тамакты өзүм даярдайм» деген кулактандырууну окуп, ал квартирага кирет. Кожайке колунан да, тилинен да келген шайыр неме экен, тез эле тил табышып кетет. Азамат Азаматович иштен келгенден кийин жакшы тосуп алып, анын камып көрүп, жумуш деп эле жүрө бербей көңүл ач деп кеңеш берет. Азамат ишин жакшы көрөрүн, чарчоону билбей иштей берерин, жаңы турмушту куруш үчүн бел чечпей иштөө керектигин айтат. Кожейке болбой эле жаштар эс алуу керек деп кулагына куят. Анан бир күнү анын үйүнөн Мария аттуу кыз менен таанышат. Экөө бара – бара, жүрө-жүрө үйлөнүшөт. Көрсө, Мария байдын кызы экен. Алардын чөйрөсү улутчулдар, ак падышага кызмат кылган байлар, Азамат үчүн жат эле. Бара-бара анын жан-дүйнөсүндө күмөнсүз, тынчсыздануу жүрө баштайт. Автор каармандын карама-каршылыктуу аракеттери аркылуу аны калыптана элек жаш жигиттин калыптануу жолун ачып бергенге аракет кылган. Азамат кантип торго түшкөнүн кеч да болсо сезип калат. Бул абалдан кантип чыгуунун жолдорун издей баштайт Баш оту менен Кеңеш өкмөтүнө кызмат кылган Азаматты, аялынын ага туугандары, байлар, соодагерлер, улутчулдар тегеректеп, жаш жигиттин ичи-койнуна кирип, көңүлүн алып, өз иштерин бүтүрүүгө аракеттенишет. Муну кайсы бир деңгээлде байкап калган Азамат Азаматович булардан кантип кутулуунун жолун ойлой баштайт. Мейли алар менен байланышымды үздүм, аялымды кантем деп ойлойт. Себеби, экөө бири-бирин жакшы көрөт жаш коммунист баары бир буржуазиячыл, улутчул туугандарынын таасирине кантип кирип баратканын өзү да байкабай калат. Көрсө, чоң эле бир партияда жүргөндөрдүн арасында да кой терисин жамынып партияга кирип алган улутчулдар да бар экен. Ошондойлордун бири Азаматка жакындап, анын кеңешчиси болуп алган Рахиш экен. Рахиш соодагер Чигировдун уулу, мурдагы ак

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

гвардиянын офицери, туткун большевиктерди жазалоого катышкан баш кесер. Кийин Совет өкмөтү курулгандан кийин, бир топ жыл жашынып жүрүп өз жери Карасайга келгенден кийин Каргабаев деп фамилясын өзгөртүп губерниянын керек-жарак союзунун төрагасынын орун басары болуп ишке орношот бирок, ал өз ишин улантып улутчулдардын «Сары-Арка» уюмун түзүүгө активдүү катышат. Азамат келгенде анын жаш коммунист экенин көрүп, өздөрүнө тартып, улуттук сезимин ойготуп, «Сары-Арканын» иштерине жардамга тартса болот деп ойлоп, аны менен мамиле түзө баштайт. Ал эми Губерниялык коммунисттик партиянын экинчи секретары Кадырбаев Рахимгул Азамат Азаматович менен иштеп, аны коммунистерден бөлүп чыгарасың деп тапшырат. Ошол учурдан тартып Азамат Азаматович өз алдынчалыгын жогото баштайт. Ал кайсы бир деңгээлде Рахимдин таасирине кирип, анын өз кишиси болуп, айткандарын эки кылбай аткарып калганын сезбей калат. «Алдаса болот жаш башты»- дегендей жаш коммунист Азаматты буржуазиячыл, улутчул коммунисттер тегеректеп, өз уюгуна тартып баратканын сезишип, анын туура эмес жолго түшүп, Совет өкмөтүнө ою түз эмес кишилер менен жүргөнүн өзүнө көрсөтүү максатында аялынын жакын тууганы, жашынып партияга өтүп алган мурдагы ак гвардиянын жоокери, улутчул Жунус Ибраевди партиядан чыгарышат. Азамат эмне кыларын билбей кыйын абалда калат. Себеби, ал аны жактап, коргоп сүлөбөйт же жамандабайт, бирок, протоколго кол койбой коёт.

Ушул кырдаал Азаматтын чындап эле улутчул коммунисттердин таасиринде калганын аныктайт. Ал кеңеш өкмөтүнө ак кызмат кылган коммунист, күнү-түнү иштейт. Ал үчүн жанын кыюга даяр, бирок, турмуштук тажрыйбасы аз, ак караны толук ылгай элек. Ошол үчүн принципиалдуу коммунист болсо да, партияга жамынып Кеңеш өкмөтүнө каршы иштеп, туугандыкка жамынып Азаматты түз жолдон чыгарып, өз иштерине пайдаланып, улутчулдардын катарына кошууга аракет кылган Рахим сыяктуу эки жүздүү коммунисттердин таасирине кирет. Рахим өз максатынын ишке ашып, Азамат аз-аздап алар тарапка өтүп жатканын көрүп аны жакшылап сыйлап, таасирин дагы күчөтүү максатында өз кишиси, мурдагы падышалык соттун котормочусу Хайдардын үйүнө конокко чакырат. Азаматтын адашып баратканын өз учурунда туура байкаган партиялаш жолдоштору, аны тарбиялап тартипке чакыруу максатында талашып-тартышып, экиге бөлүнүшөт. Коммунист Алексеев Азаматты тарбиялоо керек деп эсептейт, себеби ал кедей үй-бүлөдөн чыккан, партиянын мүчөсү, ал өз табы үчүн кызмат кылат. Ошол үчүн ага жардам берүү керек, жаңыча түз жолго салып оңдоп кою керек деп эсептейт. Ал эми мүнөзү катаал Шаймердин Азаматка ультуматум кою керек дейт, ал же аялы менен ажырашсын же биз менен, партия менен, ажырашсын деген талапты кою керек деп эсептейт. Алексеев Азаматты улутчул тууганарынан алыстатуу, Хайдардыкына конокко жибербөө, анын өз алдынча иштегенин текшерүү максатында айыл чарба артельдерин уюштуруу максатында узак мөөнөткө командировкага жөнөтөт. Командировка учурунда Азамат айыл чарба артельдерин уюштурат. Ал эми жалган иштебей кагаз жүзүндө калган «Шаупкен» артельинин бети ачылып, анын төрагасы, соодагер-спекулянт Зулкандын иши сотко берилет. Командировкада жүргөндө досу Медер Рахим жана башкалар жөнүндө бир топ маалыматтарды берет. Ал элди,жерди көрүп, эл арасындагы ар кандай элементтерди, алардын ар кандай максаттарын көрүп, алар менен күрөшүү керек экендигин түшүнөт, түшүнбөгөндөрүнө түшүндүрүү керек экендигине көзү жетет. Таптык күрөш айылдарда күч алып баратканына көзү жеткен Азамат күрөшчү мезгил келгендигине, мында кылчактап, олку-солку болууга болбой тургандыгына көзү жетип бир чечимге келет. Ошол үчүн Рахим аны мурдагыдай көрүп досу, мурдагы соодагер Акимжанды жана тууганы Эржигитти ишке орноштур деп кат жөнөткөндө Азамат ага көңүл буруп да койбойт. Уездеги жашап, элдин турмушун көргөн Азамат мурдагы байлар, соодагерлер, буржуазиячы улутчулдар дагы эле болсо өз табынын таламдарын талашып, дагы деле болсо мурдагыдай өздөрүнө жылуу жумшак орун издешип, жаткандыгына көзү жетти. Ал тургай Азаматтын түшүнүгүндө эң коркунучтуусу губерниянын борборундагы советтик мекемелердин жетектөөчү

органдарында совет бийлигинин душмандары бар экендигине, алар байларга кулактарга жардам берип жаткандыгын өз көзү менен көргөн соң, партиянын губерниялык комитетинин секретар Кадырбаевдин атасы Жарбол батрактарды кул кылып жумшап жүргөндүгүнүн бети ачылганда, Азамат Кадырбаевден тартынбай Жарболду кедейлердин жалпы чогулушуна салып, ишин сотко өткөрөт. Азаматтын мындай чечкиндүү күрөшкө чыгуусу улутчул-буржуазиячылдардын кыжырын кайнатып, партиялаштарынын колдоосуна ээ болот. Анын жан аябай Кеңеш өкмөтү үчүн күрөш жүргүзүүсү башкалардын колдоосуна ээ болуп, Азаматты жер бөлүштүрүү боюнча комитеттин төрагалыгана - Сөлүпү волосуна дайындалат. Рахим мурдагыдай эле Азаматты өз колунда кармап тургусу келет. Ошол үчүн өзүнүн ыгынан чыкпаган Марьямды артынан жөнөтөт. Ошентип, Азамат жаңы жолго түшөт, мурдагыдай Рахимдин өтүнүч, суроолору, же башка туугандарынын көңүлүн карап иш кылганды токтотуп, алардан биротоло алыстайт. Медер Марьямдын туруксуз жеңил ойлуулугун мурда эле Азаматка айтып келген, эми ага биротоло көзү жеткен соң Марьям менен да ажырашат. Романда Азаматтын образы психологиялык жактан терең, жеткиликтүү иштелген. Анын жан-дүйнөсүндөгү, көз-карашындагы өзгөрүүлөр психологиялык жактан ишенимдүү берилген. Жоомарт, акпейил, жөнөкөй Азамат таптык кармашууда алгач жаштык кылып, жалган коммунисттердин таасирине кирип кийин алардын эки жүздүүлүгүн өз көзү менен көргөндөн кийин, алар менен аянбай күрөшөт. Романда Алексеев аркылуу нукура коммунисттин образы берилген. Ал илгертен казактардын арасында жашап алардын кулк-мүнөзүн жакшы билет. Өзү башкарган мекемеде 90 кишиден эки эле казак болсо кийин казактардын санын көбөйтүп эң биринчилерден болуп Азаматка жардам берет.

Чыгармада айыгышкан күрөшкө чыккан эки тараптын кармашуусу согуш талаасында эмес, идеологиялык майданда жүрөт. Автордун чеберчилиги баш каарман Азаматтын жан дүйнөсүн ичкериден ачып берүүдө айкын көрүнөт. Ал жогоруда көрсөтүлгөндөй жазылып, олку-солку болуп, ичтен сызып, ойлонуп, толгонуп жүрүп өз жолун табат.

**Адабияттар**:


1. Майлин Б. Повести. - М.: Сов. Писатель, 1970.
2. Кедрино З. Баимбет Майлин // Майлин Б. Повести. – Фрунзе, 1970.
3. Муканов С. Наш Баимбет //Казахстанская правда. – 1967. - 16-июля
4. Хамраев М. Богатство //Вопросы литературы. – 1967. - №1.